***<u>Баткен облустук  мамлекеттик статистика башкармалыгы</u>***

# *Баткен облусунун социалдык-экономикалык  абалы*

## *январь-март*

*(тез аралык маалымат)*

## *Айлык чыгарылыш*

## *Баткен-2020*

***Баткен облусунун социалдык-экономикалык абалы***

Редакциялык-басмалык Кеңеш:

Төрага - Насиров М.Ж.

Мүчөлөр: -Закиров Ж.Д.
-Кайымов Р.И.
-Салиева У.С.
-Эргешов М.Ы.

Ушул басылмага байланыштуу суроолор боюнча төмөнкү дарекке кайрылыңыздар:
Баткен ш. Н.Дыйканов көчөсү, 1; телефон: (0-3622) 5-01-40, факс 5-02-49;
e-mail: batstat1@mail.ru;
Баткен облустук мамлекеттик статистика башкармалыгы.

***Баткен облусунун социалдык-экономикалык абалы*** басылмасы ыкчам маалыматтардын негизинде 2020-жылдын январь-март айларындагы облустун экономикасынын абалын реалдуу, мамлекеттик, финансалык, тышкы жана социалдык секторлор менен кошо талдоону камтыйт. Тиркемелерде толук статистикалык таблицалар берилди. Мурунку жылдары жарыяланган көрсөткүчтөрдүн ордуна такталган маалыматтар берилди. Ай сайын чыгарылат.

Тиражы 20 нуска.

Статистикалык маалыматтарды жалпыга маалымдоо каражаттарында жана илимий эмгектерде пайдаланган учурда маалыматтык тарамдарда, кагаз түрүндө, магнитик жана башка алып жүрүүчүлөргө таратканда, пайдалануучулар алардын булагын көрсөтүүгө милдеттүү (Мамлекеттик статистика жөнүндө Мыйзамдын 17-беренеси).

Бул басылманын маалыматтарын жаңылоонун акыркы күнү: 2020-жылдын 14-апрели.

***Шарттуу белгилер:***

-кубулуш болгон эмес;

Жыйынтыктын кошулган суммалардан бир аз айырмасы, алардын тегеректелиши менен түшүндүрүлөт.

## *М А З М У Н У*


| | | |
|---|---|---|
| ***I*** | ***Облустун социалдык -экономикалык абалы…………………………*** | ***4*** |
| ***II*** | ***Негизги социалдык-экономикалык көрсөткүчтөр…………………*** | ***5*** |
| ***III*** | ***Сектордук обзор………………………………………………………*** | ***6*** |
| | ***Реалдуу сектор………………………………………………………*** | ***6*** |
| | Өнөр жайы……………………………………………………… | 6 |
| | Айыл чарбасы, аңчылык жана токой чарбасы…………………….. | 6 |
| | Капиталдык салым……………………………………………….... | 8 |
| | Транспорт жана байланыш……………………………………….. | 8 |
| | Тейлөө рыногу………………………………………………….. | 8 |
| | Керектөө рыногу………………………………………………... | 8 |
| | Эмгек рыногу жана эмгек акы……...……………………………… | 10 |
| | Өндүрүүчүлөрдүн бааларынын индекси…………………………… | 10 |
| | Баалардын жана тарифтердин индекси…………………………….. | 10 |
| ***IV*** | ***Мамлекеттик сектор…………..……………………………………*** | ***12*** |
| | Финансы…………………………………………………………. | 12 |
| ***V*** | ***Социалдык сектор……………………………………………………..*** | ***13*** |
| | Турак жай курулушу…………………………………………….... | 13 |
| | Демографиялык жагдай…………………………………………. | 13 |
| | Калктын оорулары...................................................................................... | 13 |
| | ***Тиркеме…………………………………………………………………..*** | ***16*** |

## *ОБЛУСТУН 2020- ЖЫЛДЫН ЯНВАРЬ - МАРТ АЙЛАРЫНДАГЫ СОЦИАЛДЫК-ЭКОНОМИКАЛЫК АБАЛЫ*

Облусубуздун өнөр-жай ишканалары тарабынан 2020-жылдын январь-март айында 720148,6 миң сомдук продукция өндүрүлүп, физикалык көлөмдүн индекси 104,7 пайызды түздү.

Айыл-чарбасы, аңчылык жана токой чарбасынын продукциясынын дүң чыгарылышы 2020-жылдын январ-март айларында 1635,5 млн. сомду түзүп, өткөн жылдын ушул мезгилине салыштырганда 101,0 пайызды түздү.

Облустун аймактарында капиталдык салымдардын иштетилиши үстүбүздөгү жылдын январь-март айында 192845,0 миң сомго барабар болду, бул өткөн жылдын ушул мезгилине салыштырмалуу баада 86,4 пайызды түздү.

2020-жылдын январь-март айында турак жай курулушунда жалпы аянты 9917,0 чарчы метр болгон 93 квартира пайдаланууга берилди, же өткөн жылдын январь-март айынын денгээлине салыштырмалуу 94,4 пайызды түздү. Турак жай курулушуна сарпталган жалпы чыгым 108681,9 миң сомду түздү.

Транспорттун бардык түрү менен үстүбүздөгү жылдын январь-март айларында 324,1 миң тонна жүк ташылып, 2019-жылдын январь-март айларына салыштырмалуу 100,5 пайызга барабар болду. Жүргүнчүлөрдү ташуунун көлөмү 58558,4 миң жүргүнчү км болуп, өткөн жылдын ушул мезгилине салыштырганда 97,7 пайызды түздү.

Чарба жүргүзүүчү субьектилер (юридикалык жактар жана жеке адамдар) тарабынан көрсөтүлгөн рыноктук тейлөөлөрдүн көлөмү 2020-жылдын январь-март айында 3554194,7 миң сомду түзүп, 2019-жылдын январь-март айынын денгээлинен 6,6 пайызга жогорулаган.

2020-жылдын январь-март айында чекене товар жүгүртүүнүн көлөмү (коомдук тамактанууну кошкондо) 2982682,2 миң сомду түздү жана салыштырма баада 2019-жылдын январь-март айынын деңгээлинен 2,2 пайызга өскөн.

Калкка кызмат көрсөтүүнүн көлөмү ушул жылдын январь-март айында 571512,5 миң сомду түзүп, өткөн жылдын ушул мезгилине салыштырганда 4,6 пайызга өскөн.

Инфляция денгээлин мүнөздөөчү керектөө бааларынын индекси ушул жылдын март айын өткөн жылдын март айына салыштырганда 107,8 пайызды, ал эми ушул жылдын март айын өткөн жылдын декабрь айына салыштырганда 101,2 пайызды түздү.

Облус боюнча 2020-жылдын январь-февраль айында бир айлык орточо эмгек акы 12477,0 сом өлчөмүндө калыптанып, 2019-жылдын тийиштүү мезгилине салыштырганда 19,1 пайызга өскөн.

Облустук санитардык-эпидемиологиялык станциянын маалыматы боюнча 2020-жылдын январь-март айларында облуста санитардык-эпидемиологиялык абал өткөн жылдын ушул мезгилине салыштырмалуу бактериялуу дизентерия, ичегинин өткүр инфекциясы, педикулез ооруларынын, жаныбарлардын тиштеп алуусунун төмөндөшү жана кургак учук, өткүр респиративдүү оорuулардын, вирустуу гепатит, бруцеллез, котур, ооруулaрынын өсүшү менен мүнөздөлдү.

## II. НЕГИЗГИ СОЦИАЛДЫК-ЭКОНОМИКАЛЫК КӨРСӨТКҮЧТӨР

| | 2020 ж. январь-март айларында | 2020ж март айы 2019ж март айына карата пайыз менен | 2020-жылдын январь-март айлары 2019-жылдын январь-март айларына карата пайыз менен |
|---|---|---|---|
| ***Экономикалык индикаторлор*** | | | |
| Өнөр жай продукциясынын көлөмү-бардыгы, миң сом | 720148,6 | 112,0 | 104,7 |
| Айыл чарба, аңчылык жана токой чарба продукциясынын дүң чыгарылышы, млн. сом | 1635,5 | 101,5 | 101,0 |
| Негизги капиталга инвестициялар, мин сом | 192845,0 | 76,5 | 86,4 |
| Ишке киргизилген турак-жай, ч. м. | 9917,0 | 83,1 | 94,4 |
| Жүк ташуу көлөмү, миң тонна | 324,1 | 100,6 | 100,5 |
| Жүргүнчүлөрдү ташуунун жүгүртүлүшү, миң жүргүнчү км | 58558,4 | 91,0 | 97,7 |
| Рыноктук тейлөөлөрдүн көлөмү- бардыгы, миң сом | 3554194,7 | 103,8 | 106,6 |
| Чекене соода жүргүзүүнүн көлөмү, миң сом | 2982682,2 | 110,8 | 102,2 |
| Кызмат көрсөтүүнүн көлөмү, миң сом | 571512,5 | 109,4 | 104,6 |
| Бир кызматкердин номиналдык, орточо айлык эмгек акысы, сом | 12477,0 [1)] | 119,6[2)] | 119,1[3)] |

***[1)] 2020ж. январь-февраль***
***[2)] 2020ж. февраль***
***[3)] 2020ж. январь-февраль***

## *III. СЕКТОРДУК ОБЗОР*

### Реалдуу сектор

Баткен облусунда ээлик кылуучу субьектилердин саны 2020-жылдын 1-апрелине карата 75383 бирдикти түздү, анын ичинен 6,0 пайызы юридикалык жактар, 41,8 пайызы дыйкан (фермер) чарбалары, 52,0 пайызы жеке ишкерлер, 0,2 пайызы филиалдар жана өкүлчүлүктөр.

| | Бардык катталгандары | | | |
|---|---|---|---|---|
| | Бирдик | Жыйынтыкка карата пайыз менен | Ээлик кылуучу субъектилердин ичинен юридикалык жактар | Жыйынтыкка карата пайыз менен |
| ***Баткен областы*** | ***75383*** | ***100*** | ***4537*** | ***100*** |
| Баткен району | 10876 | 14,4 | 543 | 12,0 |
| Лейлек району | 31177 | 41,4 | 1107 | 24,3 |
| Кадамжай району | 14269 | 18,9 | 1273 | 28,1 |
| Баткен шаары | 6334 | 8,4 | 656 | 14,5 |
| Кызыл-Кыя шаары | 10111 | 13,4 | 648 | 14,3 |
| Сүлүктү шаары | 2616 | 3,5 | 310 | 6,8 |

Катталган юридикалык жактардын саны 2020-жылдын 1-апрелине карата 4537 субьектини түзүп, 2019-жылга салыштырмалуу 5,4 пайызга өстү.

Катталган юридикалык жактардын жалпы санынын ичинен 15,1 пайызы мамлекеттик, 8,0 пайызы муниципиалдык, 76,9 пайызы өздүк менчикке таандык.

Баткен облусунун аймагында 2020-жылдын 1-апрелине карата жеке ишкерлердин саны 39178, дыйкан (фермер) чарбаларынын саны 31484 бирдикти түзүп, өткөн жылдын ушул мезгилине салыштырмалуу 4,6 жана 0,9 пайызга өстү.

***Өнөр жайы.*** Облус боюнча 2020-жылдын январь-март айында 720148,6 миң сомдук өнөр жай продукциялары өндүрүлүп, физикалык көлөмдүн индекси 104,7 пайызды түздү.

Иштетүү өнөр жайынын өндүрүшүнүн көлөмү 241680,4 миң сомду түзүп, жалпы өндүрүлгөн өнөр жай продукцияларынын 33,6 пайызын, пайдалуу кендерди казуу өнөр жайы 200540,6 миң сомду же 27,8 пайызын, электр энергиясын жана газды өндүрүү 251304,8 миң сомду же 34,9 пайызын, чогултуп тазартылган сууну бөлүштүрүү 26622,8 миң сомду же 3,7 пайызды түздү.

*Пайдалуу кендерди казуу өнөр жайында* ушул жылдын январь-март айында 200540,6 миң сомдук өнөр жай продукциясы өндүрүлүп, жалпы тармак боюнча физикалык көлөмдүн индекси 86,8 пайызды түздү. Үстүбүздөгү жылдын январь-март айында 112943,8 тонна көмүр казылып алынып, өткөн жылдын январь-март айына салыштырмалуу 97,6 пайызды түздү. Өткөн жылга салыштырмалуу көмүрдү Сүлүктү шаары 5248,0 тоннага көп, ал эми Баткен району 1624,6 тоннага көп казып алган. Кадамжай району боюнча январь-март айында өткөн жылга салыштырмалуу көмүр 9676,0 тоннага аз казып алынган.

*Иштетүү өнөр жай* өндүрүшүнүн көлөмү 241680,4 миң сомду түзүп, физикалык көлөмдүн индекси 112,3 пайызды түздү. Жалпы көлөмдүн ичинен тамак аш азыктары, суусундуктар менен тамекини кошкондо 126978,9 миң сомду (көлөмдүн 52,5 пайызын), текстил жана тигүү өндүрүшү 9535,8 миң сомду (көлөмдүн 3,9 пайызын), целлюлоза-кагаз, жыгачты кайра иштетүү 6434,9 миң сомду (көлөмдүн 2,7 пайызын), химия өндүрүшү 28377,5 миң сомду (көлөмдүн 11,7 пайызын), башка металл эмес минералдык продуктуларын, резина жана пластмасса буюмдарын өндүрүү 38151,1 миң сомду (көлөмдүн 15,8 пайызын), металлургия өндүрүшүнүн продукциясы жана даяр метал буюмдарынын өндүрүшү 11265,2 миң сомду (4,7 пайызын), өнөр жайдын башка түрлөрү 20937,0 миң сомду (8,7 пайызын) түздү.

*Тамак-аш азыктарын* өндүрүү боюнча тармактын физикалык көлөмүнүн индекси ичимдиктер менен тамекини кошкондо үстүбүздөгү жылдын январь-март айында өткөн жылдын январь-март айына салыштырмалуу 104,1 пайызды түздү.

Иштетилбеген мунайзат 20,7 пайызга, эт азыктары 50,6 пайызга, электр энергиясын бөлүштүрүү 6,4 пайызга, топтолгон жана тазаланган суу 11,7 пайызга, сымап өндүрүү 2,4 эсеге, дан эгиндеринен тартылган ун 5,2 пайызга өскөн. Ал эми өсүмдүк майын өндүрүү 9,4 пайызга, аялдардын тигилүү кийими 7,4 пайызга, таш көмүр өндүрүү 2,4 пайызга, үй-эмеректерин жасоо 5,9 пайызга, балмуздак 4,2 пайызга, кондитердик азыктар 6,6 пайызга, жаңы бышкан нан 3,7 пайызга, тазартылган күрүч 2,5 пайызга, эркектердин тигилүү кийими 34,8 пайызга, килем 9,6 пайызга төмөндөгөн.

*2020-жылдын январь-март айында текстил жана тигүү өнөр жайында* чыгарылган продукциянын көлөмү 9535,8 миң сомду түздү, же мурунку жылдын январь-март айындагы деңгээлге караганда физикалык көлөмдүн индекси 83,2 пайызды, ал эми химия өндүрүшүнүн көлөмү 28377,5 миң сомду түзүп, физикалык көлөмдүн индекси 2,3 эсени түздү.

*Металлургия өнөр жайынын* жана даяр металл буюмдарынын өндүрүшүндө январь-март айында 11265,2 миң сомдук продукция чыгарылды, же өндүрүүнүн физикалык көлөмүнүн индекси өткөн жылдын январь-март айына салыштырганда 132,2 пайызды түздү.

*Электр энергиясын, газды өндүрүү көлөмү январь-март* айында 251304,8 миң сом болуп, физикалык көлөмдүн индекси 106,4 пайызды, сууну топтоо, тазалоо жана бөлүштүрүү, калдыктарды иштетүү 26622,8 миң сом болуп, физикалык көлөмдүн индекси өткөн жылдын ушул мезгилине салыштырганда 147,7 пайызды түздү.

Өнөр жай продукциясынын физикалык көлөмүнүн индексинин өзгөрүү динамикасы

(жылдын башынан бери өсүүчү жыйынтык боюнча)




Экономикалык ишмердиктин түрү боюнча өнөр-жай тармактарынын үлүшү иш жүзүндөгү баада % менен



***Айыл чарбасы, анчылык жана токой чарбасы.*** 2020-жылдын январь-март айларында айыл чарбасында өндүрүлгөн дүң продукциянын көлөмү 1635,5 млн. сом болуп, өткөн жылдын ушул мезгилине салыштырмалуу 101,0 пайызды түздү.

Үстүбүздөгү жылдын январь-март айларында 6369,8 тонна эт, 15011,1 тонна сүт, 2121,2 миң даана жумуртка өндүрүлүп, өткөн жылдын ушул мезгилине салыштырмалуу эт өндүрүү 0,4 пайызга, сүт өндүрүү 1,1 пайызга, жумуртка өндүрүү 2,4 пайызга өскөн.

Райондор боюнча: Эт өндүрүү Баткен районунда 0,3, Кадамжай районунда 0,4, Лейлек районунда 0,6, Кызыл-Кыя шаарында 0,3, Сүлүктү шаарында 0,8 пайызга өскөн. Ал эми Баткен шаарында өткөн жылдын деңгээлинде калган. Сүт өндүрүү Баткен районунда 0,2, Кадамжай районунда 2,2, Лейлек районунда 0,5, Баткен шаарларында 0,2, Сүлүктү шаарында 1,8 пайызга жогорулаган. Ал эми Кызыл-Кыя шаарында сүт өндүрүү өткөн жылдын деңгээлинде калган. Жумуртканы Баткен району 0,3, Кадамжай району 6,2, Лейлек району 0,8 пайызга, Сүлүктү шаары 1,2 пайызга көп өндүргөн. Ал эми Кызыл-Кыя жана Баткен шаарларында өткөн жылдын деңгээлинде калган.

***Капиталдык салым.*** 2020-жылдын январь-март айында 192845,0 миң сомдук капиталдык салымдар сарпталып, 2019-жылдын ушул мезгилине карата салыштырмалуу баада 86,4 пайызга барабар болду. Капиталдык салымдар Баткен районунда 68,4, пайызга Кадамжай районунда 5,8, пайызга,Сүлүктү шаарында 4,0, пайызга жана Кызыл-Кыя шаарында 3,0, эсеге өсүү болду. Ал эми Баткен шаарында 71,4, Лейлек районунда 40,0, пайызга төмөндөгөн. Каржылоонун негизги булактарын, калктын каражаттары жана республикалык бюджет түздү. Өздөштүрүлгөн капиталдык салымдардын 88,4 пайызы подрядтык иштерге туура келди.

Капиталдык салымдардын көлөмү
(миң сом)




***Транспорт жана байланыш.*** 2020-жылдын январь-март айларында автомобилдик транспорт аркылуу жүк ташуу көлөмү 324,1 миң тонна болуп, өткөн жылдын январь-март айларына салыштырмалуу 100,5 пайызды түздү.

2020-жылдын январь-март айларында жүргүнчү автомобиль транспортунун бардык түрү менен 2657,7 миң адам ташылды. Автомобиль транспортунун бардык түрү менен аткарылган жүргүнчүлөрдү ташуунун жүгүртүлүүсү 58558,4 миң жүргүнчү-км түздү (2019-жылдын январь-март айларына салыштырмалуу 97,7 пайызды түздү).

Жүргүнчүлөрдү ташуунун жүгүртүлүүсү 2020-жылдын январь-март айларында бардыгы жеке адамдардын транспорту менен жүргүзүлгөн.

***Тейлөө рыногу.*** Чарба жүргүзүүчү субъектилер (юридикалык жактар жана жеке адамдар) тарабынан көрсөтүлгөн рыноктук тейлөөлөрдүн көлөмү 2020-жылдын январь-март айында 3554194,7 миң сомду түзүп, 2019-жылдын январь-март айынын денгээлине салыштырмалуу 6,6 пайызга, анын ичинен калкка көрсөтүлгөн рыноктук тейлөөлөр 3498693,8 миң сом болуп 7,9 пайызга жогорулаган**.**

***Керектөө рыногу.*** Соода, автомобилдерди, мотор майларын дүң соодасы, турмуш тиричилик буюмдарынын жана жеке керектелүүчү буюмдарды оңдоонун жүгүртүүсү үстүбүздөгү жылдын январь-март айында 2760676,9 миң сомду түзүп, өткөн жылдын ушул мезгилине салыштырмалуу 7,2 пайызга жогорулаган.

Автомобилдерди жана мотордук майларды сатуу киргизилбегенде, чекене сооданын жүгүртүүсү 1640510,5 миң сомду түзүп, өткөн жылдын ушул мезгилине салыштырганда 2,9 пайызга төмөндөгөн, анын жалпы көлөмдөгү үлүшү 59,4 пайызды түздү. Чекене товар жүгүртүүнүн жалпы көлөмү ушул жылдын январь-март айында 2982682,2 миң сом суммасында калыптанып, өткөн жылдын ушул мезгилине салыштырганда 2,2 пайызга өскөн.

Автомобилдерди, мотоциклдерди, автомобил тетиктерин, шаймандарын жана бөлүктөрүн сатуу көлөмүнүн жүгүртүүсү ушул жылдын январь-март айында 16900,0 миң сом суммасында аныкталып, өткөн жылдын ушул мезгилине салыштырмалуу 2,6 пайызга төмөндөгөн.

Мотордук майлардын чекене соода жүгүртүүсү ушул жылдын январь-март айында 1038670,1 миң сомду түздү, же өткөн жылдын ушул мезгилине салыштырганда 31,6 пайызга жогорулаган.

Азыркы күндө эл керектөөчү керек-жарак товарларынын көпчүлүгүн (78,3 пайызын) соода түйүндөрүнөн алышат, алардын жүгүртүлүшү ушул жылдын январь-март айында 2336171,6 миң сомду түздү, же өткөн жылга салыштырганда 5,8 пайызга жогорулаган.

Үстүбүздөгү жылдын январь-март айында 571512,5 мин сом суммасында калкка акысына тейлөөлөр көрсөтүлүп, анын көлөмү өткөн жылдын денгээлине салыштырмалуу 104,6 пайызды түздү.

Чекене товар жүгүртүүнүн салыштырма салмагы
(% менен)




Калкка акысына кызмат көрсөтүүнүн салыштырма салмагы
(% менен)



***Эмгек рыногу жана эмгек акы.*** Облустун калкты ишке жайгаштыруу башкармалыгынын берген маалыматы боюнча 2020-жылдын 1-апрелине карата жумуш издеп кезекте турган эмгекке жарамдуу жумушсуз калктын саны 14043 адамды түздү, анын ичинен 11304 адам официалдуу жумушсуз статусун алган.

Официалдуу түрдө катталган жумушсуздардын ичинен 156 адам коомдук акы төлөнүүчү иштерге тартылды.

2020-жылдын 1-апрелине карата 525 бош жумушчу орун болду. Бир бош иш ордуна 26 адам туура келди.

Облус боюнча 2020-жылдын январь-февраль айында бир айлык орточо эмгек акы 12477,0 сом өлчөмүндө калыптанып, 2019-жылдын тийиштүү мезгилине салыштырганда 19,1 пайызга өскөн. Облус боюнча 2020-жылдын февраль айында бир айлык орточо эмгек акы 12599,8 сом өлчөмүндө калыптанып, 2019-жылдын тийиштүү мезгилине салыштырганда 19,6 пайызга өскөн. Эмгек акы өткөн айга салыштырмалуу айыл чарбасы, балыкчылык токой чарбасы, кайра иштетүү өнөр жайы, курулуш, соода: автомобилдерди, турмуш тиричилик жана жеке колдонулуучу буюмдарды оңдоо, информация жана байланыш, финансылык ортомчулук жана камсыздоо, кыймылсыз мүлк операциялары, илимий техникалык адистеги ишмердүүлүк, мамлекеттик башкаруу жана коргонуу, милдеттүү социалдык камсыздоо ар тармактагы тейлөөлөрдү көрсөтүү тармактары боюнча өскөндүгү байкалды.

Республиканын Улуттук банкы аныктаган валютанын официалдуу курсуна жараша орточо эмгек акы 2020-жылдын февраль айында 168,8 долларды түздү.

2020-жылдын 1-апрелине карата эмгек акыны төлөп берүү карызы облус боюнча 28063,0 миң сом болду.

Эмгек акыны төлөө карызынын 83,1 пайызын Кадамжай району, 16,9 пайызын Кызыл-Кыя шаары түзөт.

Официалдуу катталган жумушсуздардын саны
(адам)




***Өндүрүүчүлөрдүн бааларынын индекси.***

Өнөр-жай продукцияларынын өндүрүүчүлөрдүн бааларынын индекси 2020 жылдын январь-март айында өткөн жылдын январь-март айына салыштырмалуу 101,8 пайызды түздү. Ал эми 2020 жылдын март айы өткөн жылдын март айына салыштырмалуу 102,7 пайызды түздү.

***Баалардын жана тарифтердин индекси.*** Инфляция деңгээлин мүнөздөөчү керектөө бааларынын индекси үстүбүзөгү жылдын март айында өткөн жылдын ушул мезгилине салыштырмалуу 107,8 пайызды түздү, ал эми үстүбүздөгү жылдын март айын өткөн жылдын декабрь айына салыштырганда 101,2 пайызды түздү.

Ушул жылдын март айында өткөн айга салыштырмалуу жумуртка 8,5 пайызга төмөндөп, жогорку сорт ун 1,5 пайызга, 1-сорт ун 6,4 пайызга, макарон азыктары 0,4 пайызга, сүт 5,7 пайызга, күн карама майы 1,2 пайызга жогорулаган.

***Азык-түлүк товарларынын негизги түрлөрүнүн бааларынын индекси***
*(өткөн айга карата пайыз менен)*

| | Жогорку сорт ун | 1-сорт ун | Нан | Макарон азык-тары | Уйдун эти | Койдун эти | Сүт | Жумуртка | Күн карама майы |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| январь | 100,0 | 100,0 | 100,0 | 100,0 | 101,8 | 100,0 | 100,0 | 109,0 | 100,0 |
| февраль | 100,0 | 100,0 | 100,0 | 99,1 | 100,0 | 100,0 | 100,0 | 98,3 | 100,0 |
| март | 101,5 | 106,4 | 100,0 | 100,4 | 100,0 | 100,0 | 105,7 | 91,5 | 101,2 |

Жашылча-жемиштердин бааларынан өткөн айга салыштырмалуу картошка 10,2 пайызга, алма 17,0 пайызга кымбаттаган. Ал эми пияз 8,0 пайызга, сабиз 1,0 пайызга, кургатылган өрүк 6,2 пайызга төмөндөгөн.

***Жашылча жемиш продукцияларынын айрым түрлөрүнүн бааларынын индекси***
*(өткөн айга карата пайыз менен)*

| | Пияз | Картошка | Сабиз | Алма | Кургатылган өрүк | Грек жаңгагы |
|---|---|---|---|---|---|---|
| январь | 105,7 | 103,9 | 107,3 | 113,9 | 110,5 | 100,0 |
| февраль | 115,0 | 100,0 | 114,3 | 106,0 | 106,6 | 100,0 |
| март | 92,0 | 110,2 | 99,0 | 117,0 | 93,8 | 100,0 |

Үстүбүздөгү жылдын март айында өткөн февраль айына салыштырмалуу азык-түлүк эмес товарлардын баасынан бут кийимдер 4,8 пайызга, турак жайларды күтүү жана оңдоо үчүн материалдар 1,1 пайызга, фармацефтикалык продукциялар 3,5 пайызга кымбаттаган. Ал эми кийимдер 1,7 пайызга, катуу отун 2,9 пайызга төмөндөгөн. Үй тиричилик буюмдары, күйүүчү майлоочу материалдар, бензин, газета жана мезгилдүү басылмалар, суу менен камсыз кылуу (муздак суу), азык-түлүк эмес товарлар өз ордунда калган.

***Азык-түлүк эмес товарлардын айрым топторунун жана түрлөрүнүн бааларынын индекси***
(пайыз менен)

| | 2020ж. март 2019ж. мартына карата | 2020ж. январь-март 2019ж. январь-мартына карата | 2020ж март 2020ж февралына карата |
|---|---|---|---|
| Кийим | 107,3 | 107,5 | 98,3 |
| а.и.кийим тигүү үчүн материалдар | 100,8 | 100,1 | 100,0 |
| Бут кийим | 111,8 | 107,7 | 104,8 |
| Турак-жайларды күтүү жана оңдоо үчүн материалдар | 101,2 | 101,2 | 101,1 |
| Суу менен камсыз кылуу (муздак суу) | 100,0 | 100,0 | 100,0 |
| Катуу отун | 117,6 | 117,4 | 97,1 |
| Күйүүчү-майлоочу материалдар | 97,4 | 95,1 | 100,0 |
| Бензин | 96,7 | 94,6 | 100,0 |
| Үй тиричилик буюмдары, тиричилик техника | 100,5 | 100,1 | 100,0 |
| Фармацевтикалык продукциялар | 103,8 | 102,5 | 103,5 |
| Газеталар жана мезгилдүү басылмалар | 100,6 | 100,8 | 100,0 |
| Азык-түлүк эмес товарлар | 105,1 | 104,4 | 100,0 |

Өткөн айга салыштырганда үстүбүздөгү жылдын март айында жүргүнчү транспортунун тейлөөсү 0,4 пайызга төмөндөгөн. Ал эми байланыш тейлөөсү, билим берүү тейлөөсү, амбулаториялык тейлөөлөр, мейманкалардын жана ресторандардын тейлөөлөр, чач тарач тейлөөлөр, укуктук тейлөөлөр, маданий иш чараларды уюштуруу боюнча тейлөөлөр өз ордунда калган.

***Тейлөөлөрдүн айрым топторунун жана түрлөрүнүн тарифтеринин индекси.***

(пайыз менен)

| | 2020ж. март 2019ж. мартына карата | 2020ж. январь-март 2019ж. январь-март | 2020ж март 2020ж февралына карата |
|---|---|---|---|
| Жүргүнчү транспортунун тейлөөсү | 97,8 | 96,2 | 99,6 |
| Байланыш тейлөөсү | 100,2 | 99,3 | 100,0 |
| Маданий иш чараларды уюштуруу боюнча тейлөөлөр | 100,0 | 100,0 | 100,0 |
| Билим берүү тейлөөсү | 106,4 | 106,4 | 100,0 |
| Амбулаториялык тейлөөлөр | 100,0 | 97,8 | 100,0 |
| Мейманкалардын жана ресторандардын тейлөөлөрү | 109,6 | 109,6 | 100,0 |
| Чач тарач тейлөөлөрү | 100,0 | 100,0 | 100,0 |
| Укуктук мүнөздөгү тейлөөлөр | 100,0 | 100,0 | 100,0 |

***Керектөө бааларынын индекси***

(Өткөн жылга салыштырмалуу, % менен)




***Мамлекеттик сектор***

***Финансы.*** Кыргыз Республикасынын финансы министрлигинин борбордук казына бөлүмүнүн маалыматы боюнча 2020-жылдын январь-февраль айларында жергиликтүү бюджеттин киреше бөлүгү, официалдуу трансферттерди кошкондо 152,2 млн. сом өлчөмүндө аныкталып, өткөн жылдын тийиштүү мезгилине салыштырмалуу 88,6 пайызга аткарылган.

Республикалык бюджеттин киреше бөлүгү 202,2 млн. сомду түзүп, 2019-жылдын тийиштүү мезгилине салыштырмалуу 56,5 пайызга, ал эми чыгашалар 17,2 пайызга өскөн.

Облустук жергиликтүү бюджет 2020-жылдын январь-февраль айларында профицит менен аткарылган (кирешелер чыгашалардан көп).

2020-жылдын январь-февраль айларында жергиликтүү бюджеттин киреше бөлүгүнө 93,9 млн. сом өлчөмүндө салык төлөмдөрү түшүп, өткөн жылга салыштырмалуу салыктан түшүүлөр 10,8 пайызга өскөн. Патенттин негизиндеги салык 10,8 пайызга, киреше жана пайда салыгы 30,4 пайызга, жеке адамдардын төлөгөн киреше салыгы 38,1 пайызга жана бирдиктүү салыктар боюнча түшүүлөр 67,8 пайызга пайызга өскөн. Ал эми жер салыгы 4,2 пайызга, менчиктен түшкөн салыктын өлчөмү 4,5 пайызга, кыймылсыз мүлк салыгы 5,5 пайызга, соодадан жана акысына көрсөтүлүүчү тейлөөлөрдөн түшкөн салык 44,1 пайызга жана товарлардын жана тейлөөлөрдүн салыгы 40,9 пайызга азайган.

Облустук бюджеттин киреше бөлүгүндө салыктан тышкары кирешенин азайганы байкалды. Алсак 2019-жылдын январь-февраль айларында жалпы кирешенин 19,9 пайызын түзгөн болсо, ал эми 2020-жылдын январь-февраль айларында 13,3 пайызын түздү. Салыктан тышкары кирешенин басымдуу бөлүгүн товарларды сатуудан жана тейлөө көрсөтүүдөн түшкөн киреше түздү, же жалпы салыктан тышкары кирешенин 59,6 пайызын түзөт.

Облустук бюджетте официалдык трансферттик түшүүлөр көлөмү бардык түшүүлөрдүн 25,0 пайызын түзөт, же өткөн жылдын тийиштүү мезгилине салыштырмалуу 27,8 пайызга азайган.

Облустук бюджеттин чыгаша бөлүгү 2020-жылдын январь-февраль айларында 52,4 млн. сомду түзүп, 2019-жылдын тийиштүү мезгилине салыштырмалуу 20,8 пайызга азайган. Чыгашалардын 29,5 пайызы социалдык-маданий чөйрөгө, 57,6 пайызы жалпы багыттагы мамлекеттик тейлөөлөр, коргоо жана коомдук тартипти сактоого жумшалды. Бардык чыгашалардын 19,4 пайызы билим берүү тармагына (10,2 млн. сом) жумшалган.

## Социалдык сектор

***Турак жай.*** 2020-жылдын январь-март айларында турак жай курулушунда жалпы аянты 9917,0 чарчы метр болгон 93 квартира пайдаланууга берилди, же өткөн жылдын январь-март айынын денгээлине салыштырмалуу 94,4 пайызды түздү. Турак жай курулушуна сарпталган жалпы чыгым 108681,9 миң сомду түздү. Сарпталган жалпы чыгым өзүмдүк турак жай курулуштарына жумшалган.

***Демографиялык жагдай.*** 2020-жылдын январь-февраль айында Баткен облусу боюнча 2295 бала төрөлүп (өткөн жылдын ушул мезгилине салыштырганда 329 балага азайган), же калктын 1000 не 26,0 баланы түздү. Бул мезгилдин ичинде 447 адам өлгөн (2018-жылдын ушул мезгилине салыштырмалуу 53 адамга көп), же калктын 1000 не алганда 5,1 адамды түздү. Калктын табигий өсүүсү 1848 адамды, же 1000 кишиге 20,9 түздү.

2020-жылдын январь-февраль айында 36 кичинекей балдардын өлүмү катталып, өлүм көрсөткүчү 15,7 промиллди түздү (1000 тирүү төрөлгөн балага карата бир жашка чейинки курактагы өлгөн балдардын саны). Өткөн жылдын ушул мезгилине салыштырмалуу 1 жашка чейинки балдардын өлүмү 5 балага азайган.




***Калктын оорулары***. Акыркы жылдары облусубузда жүргүзүлүп жаткан айыл жерлерин таза суу менен камсыз кылуу иштери жана *иммунопрофилактикалык комплекстер* полиомелит, брюшной тиф жана дифтерия ооруларынын азайышына алып келди.

Облустук санитардык-эпидемиологиялык станциянын маалыматы боюнча 2020-жылдын январь-март айында облуста *ичеги-карын ооруларынан* бактериялуу дизентерия менен 3 оорулуу катталып, өткөн жылдын ушул мезгилине салыштырмалуу 70,0 пайызга, ичегинин өткүр инфекциясы 226 оорулуу катталып, 36,2 пайызга төмөндөгөн, бактериялуу минингит, салмонелез инфекциялары катталган эмес.

*Вирустуу гепатит оорусу* менен 304 оорулуу адам катталып, өткөн жылдын ушул мезгилине салыштырмалуу 22,6 пайызга өскөн, анын ичинен гепатиттин В түрү менен 4 оорулуу катталып, 66,7 пайызга, эпидемиялык паротит 3 оорулуу катталып, 96,1 пайызга төмөндөгөн.

*Жаратылыштын жана жаныбарлардын инфекциясынан* бруцеллез оорусу менен 16 оорулуу катталып, өткөн жылдын ушул мезгилине салыштырмалуу 3,2 эсеге, эхинококкоз оорусу менен 11 оорулуу катталып, 3,7 эсеге көп катталган. Ал эми, жаныбарлардын тиштеп алуусу 35,2, аскаридоз 39,2 пайызга азайган.

*Паразитардык оорулардын* саны өткөн жылдын ушул мезгилине салыштырмалуу котур ооруусу 27, инфекциялык ВИЧ 10 учур катталып, өткөн жылдын ушул мезгилине салыштырмалуу 42,1, жана1,5 эсеге көп катталган. Ал эми педикулез ооруусу менен 8, сифилис менен 2, гонорея менен 4 учур катталып, өткөн жылдын ушул мезгилине салыштырмалуу тийиштүү катарда 63,6, 77,8, жана 33,3 пайызга төмөндөгөн.

*Аба аркылуу жугуучу өткүр респиративдүү оорулар* менен 7188 оорулуу адам катталып, өткөн жылдын ушул мезгилине салыштырмалуу 16,6 пайызга, кургак учук менен ооруган 85 адам катталып, 26,9 пайызга өскөн. Кургак учук менен ооругандардын саны өткөн жылдын ушул мезгилине салыштырмалуу Кызыл-Кыя, Баткен шаарларында 60 пайызга төмөндөп, Лейлек районунда 21 оорулуу катталып, өткөн жылдын ушул мезгилине салыштырмалуу 3 эсеге, Сүлүктү шаарында 5 оорулуу катталып 5 эсеге, Кадамжай райондорунда 36 оорулуу, Баткен районунда 17 оорулуу катталып, 16,1, жана 30,8 пайызга көп катталган.

***Облмамстатистика башкармалыгынын жетекчиси:*** ***М. Насиров***

| | | беги |
|---|---|---|
| | Реалдуу сектор | |
| 1 | Экономикалык ишмердиктин түрлөрү боюнча өнөр жай продукцияларын өндүрүү көлөмү……………. | 16 |
| 2 | Аймактар боюнча өнөр жай продукцияларын өндүрүүнүн көлөмү………......................……….............. | 17 |
| 3 | Өнөр жай продукцияларынын негизги түрлөрүн өндүрүү……..........................................……….............. | 17 |
| 4 | Аймак боюнча негизги продукцияларды өндүрүү…………………………. ………………………………. | 18 |
| | Айыл чарбасы | |
| 5 | Айыл чарба продукцияларынын негизги түрлөрүнүн өндүрүлүшү………………………………. | 19 |
| 6 | Аймак боюнча мал чарба продукцияларынын негизги түрлөрүн өндүрүү..……………………………......... | 19 |
| | Капиталдык курулуш | |
| 7 | Облустун аймактарында  капиталдык салымдардын иштетилиши жана подрядтык жумуштардын көлөмү | 20 |
| 8 | Капиталдык салымдардын жана подрядтык иштердин көлөмү…………………………………………….. | 20 |
| 9 | Подряддык курулуш жана монтаждоо жумуштарынын аткарылышы.......................................................... | 22 |
| 10 | Аймактар боюнча өз күчтөрү менен аткарылган подрядтык жумуштардын көлөмү................................... | 22 |
| 11 | Турак-жай  курулушунун аткарылышы облус боюнча………………………………………………. | 23 |
| 12 | Калктын эсебинен турак үйлөрдүн ишке киргизилиши...........................................................................… ...... | 23 |
| | Транспорт | |
| 13 | Автомобиль транспортунун негизги көрсөткүчтөрү | 24 |
| 14 | Аймак боюнча автомобиль транспорту менен жүк ташуу жана жүргүнчүлөрдү ташуунун жүгүртүлүшү | 24 |
| | Тейлөө рыногу | |
| 15 | Көрсөтүлгөн рыноктук тейлөөлөрдүн  көлөмү…………………………………………………………….. | 25 |
| 16 | Сооданын  экономикалык ишмердиктин бардык каналдар боюнча таркатылышы…..............………........ | 25 |
| 17 | Чекене товар жүгүртүүнүн менчик түрүнүн түзүлүшү………………………………………………… | 26 |
| 18 | Коомдук тамактануу чөйрөсүндө товар жүгүртүүнүн түзүлүшү…………………………………………. | 26 |
| 19 | Бардык каналдар боюнча товар жүгүртүүнүн көлөмү коомдук тамактануу чөйрөсүн кошкондо.............. | 27 |
| 20 | Бардык каналдар боюнча товар жүгүртүүнүн көлөмү коомдук тамактануу чөйрөсүн кошпогондо.......... | 27 |
| 21 | Бардык каналдар боюнча чекене товар жүгүртүүнүн көлөмү коомдук тамактануу чөйрөсүн кошкондо (катталган ишканалар боюнча)......................................................................................................................... | 28 |
| 22 | Ресторан, бар, ашкана жана башка ишканалардын бардык каналдар боюнча чекене товар жүгүртүүсү | 28 |
| 23 | Ресторан, бар, ашкана жана башка ишканалардын бардык каналдар боюнча чекене товар жүгүртүүсү (катталган ишканалар боюнча) | 29 |
| 24 | Аймактар боюнча  акы алып кызмат көрсөтүүнүн көлөмү………………………………………………….. | 29 |
| 25 | Аймактар боюнча акы алып  кызмат көрсөтүүнүн көлөмү (катталган ишканалар)…………………….. | 30 |
| | Эмгек  жана эмгек  акы | |
| 26 | Экономикалык ишмердиктин түрлөрү боюнча кызматкерлердин орточо айлык эмгек акылары………… | 31 |
| 27 | Район жана шаарлар боюнча кызматкерлердин саны жана орточо айлык эмгек акылары январь-февраль | 32 |
| 28 | Район жана шаарлар боюнча кызматкерлердин орточо айлык эмгек акылары-февраль...........................…… | 32 |
| 29 | Калкты иш менен камсыз кылуу……………………………………………………………………………….. | 32 |
| 30 | Официалдуу катталган жумушсуздардын саны…………………………………………………………… | 33 |
| | Мамлекеттик сектор | |
| | Финансы | |
| 32 | Облус боюнча республикалык бюджеттин киреше бөлүгүнүн аткарылышы …………………………… | 34 |
| 33 | Облус боюнча республикалык бюджеттин чыгаша бөлүгүнүн аткарылышы …………………………… | 34 |
| 34 | Облус боюнча жергиликтүү бюджеттин киреше бөлүгүнүн аткарылышы …………………………… | 35 |
| 35 | Облус боюнча жергиликтүү бюджеттин чыгаша бөлүгүнүн аткарылышы …………………………… | 35 |
| | Социалдык сектор | |
| 36 | Калктын өлүмү жана табигый өсүү көрсөткүчтөрү…………………..…………………………………….. | 36 |
| 37 | Калктын төрөлүү, өлүү жана табигый өсүүсү боюнча катышы………………………………………… | 36 |
| 38 | Жаш балдардын өлүмү…………………………………………………………………………………… | 36 |
| 39 | Облус боюннча жаш балдардын өлүмүнүн катышы….… …..……………………………………………. | 36 |
| 40 | Никеге катталуу жана ажырашуулардын саны……….………………………………………………… | 37 |
| 41 | Никеге катталуу жана ажырашуулардын  катышы………..…………………………………………… | 37 |
| 42 | Жугуштуу жана мите оорулары менен ооруган калктын саны………………………………………………… | 37 |

**Таблица 1. Экономикалык ишмердиктин түрлөрү боюнча өнөр жай продукцияларын өндүрүү көлөмү январь-март**

( миң сом)

| | 2019 | 2020 | Физикалык көлөмдүн индекси |
|---|---|---|---|
| ***Бардыгы*** | ***748430,7*** | ***720148,6*** | ***104,7*** |
| ***I. Пайдалуу кендерди казуу өнөр жайы*** | ***277524,5*** | ***200540,6*** | ***86,8*** |
| 1. Таш көмүр, лигнит жана чым көң өндүрүү | 243686,9 | 182268,8 | 97,6 |
| 2. Иштетилбеген мунайзат жана жаратылыш газын өндүрүү | 31692,4 | 16590,3 | 120,7 |
| 3. Тоо-кен казуу өнөр жайынын башка тармактары | 2145,2 | 1681,5 | 42,3 |
| ***II. Иштетүү өнөр жайы*** | ***219624,7*** | ***241680,4*** | ***112,3*** |
| 1. Тамак аш азыктарын өндүрүү, ичимдик-тер менен тамеки кошо | 107128,9 | 126978,9 | 104,1 |
| -тамак-аш азыктарын өндүрүү, ичимдик терди кошкондо | 107128,9 | 126978,9 | 104,1 |
| -тамеки өндүрүү | - | - | - |
| 2. Текстил жана тигүү өндүрүшү | 12942,5 | 9535,8 | 83,2 |
| -текстил өндүрүшү | 939,0 | 932,0 | 95,1 |
| -кийим тигүү, терини бойоо үчүн даярдоо | 11896,4 | 8496,7 | 95,1 |
| -.булгаары, булгаарыдан жасалган буюмдар өндүрүшү жана бут кийим өндүрүшү | 107,1 | 107,1 | 100,0 |
| 3. Целлюлоза-кагаз, жыгачты кайра иштетүү жана жыгач буюмдарын өндүрүү | 7757,2 | 6434,9 | 113,4 |
| -жыгачты кайра иштетүү жана жыгач буюмдарын өндүрүү ишмердиги | 7556,7 | 6240,9 | 113,5 |
| - басма жана полиграфиялык ишмердик, жазылган маалыматтарды көбөйтүү | 200,5 | 194,0 | 87,9 |
| 4. Химия өндүрүшү | 19833,8 | 28377,5 | 227,9 |
| 5. Башка металл эмес минералдык продуктуларын, резина жана пластмасса буюмдарын өндүрүү | 40828,6 | 38151,1 | 90,3 |
| 6. Металлургия өндүрүшү жана даяр металл буюмдарын өндүрүү | 8382,3 | 11265,2 | 132,2 |
| 7. Электр жабдууларды өндүрүү | - | - | |
| 8. Өнөр жайдын башка түрлөрү | 22751,4 | 20937,0 | 92,1 |
| ***III. Электр энергиясын жана газды өндүрүү жана бөлүштүрүү*** | ***224325,3*** | ***251304,8*** | ***106,4*** |
| ***IV. Сууну топтоо, тазалоо, бөлүштүрүү, калдыктарды иштетүү.*** | ***26956,2*** | ***26622,8*** | ***147,7*** |

Таблица 2. Аймактар боюнча өнөр жай продукцияларын өндүрүү көлөмү
январь -март (миң сом)

| | 2019 | 2020 | Физикалык көлөмдүн индекси | |
|---|---|---|---|---|
| | | | отчеттук айдын өткөн жылдын отчеттук айына карата | отчеттук мезгилдин өткөн жылдын отчеттук мезгилине карата |
| ***Область боюнча:*** | ***748430,7*** | ***720148,6*** | ***112,0*** | ***104,7*** |
| Электр энергиясыз | 524105,4 | 468843,8 | 115,0 | 104,2 |
| райондор: | | | | |
| Баткен | 20235,0 | 16883,3 | 95,7 | 109,2 |
| Кадамжай | 238345,9 | 181968,0 | 137,3 | 94,5 |
| Лейлек | 60236,0 | 46354,3 | 93,1 | 109,1 |
| шаарлар: | | | | |
| Баткен | 235015,7 | 267021,9 | 100,2 | 105,1 |
| Электр энергиясыз | 10690,4 | 15717,1 | 89,3 | 99,0 |
| Кызыл-Кыя | 78081,0 | 73406,8 | 87,8 | 97,2 |
| Сүлүктү | 116517,1 | 134514,3 | 106,2 | 108,0 |

Таблица 3. Өнөр жай продукцияларынын негизги түрлөрүн өндүрүү

| | Өлчөө бирдиги | 2019 | 2020 | 2020ж. январь-март айы 2019ж. январь-март айына карата % менен |
|---|---|---|---|---|
| | | Январь-март | | |
| Таш көмүр | тонна | ***115747,2*** | ***112943,8*** | ***97,6*** |
| Бышырылган керамика кирпичи | миң даана | 360,0 | - | - |
| Бут кийим | жуп | 282,0 | 282,0 | 100,0 |
| Эт жана эт азыктары | тонна | ***134,2*** | ***202,1*** | ***150,6*** |
| Бышырылбаган керамика кирпичи | миң даана | - | - | - |
| Дан эгиндеринен тартылган ун | тонна | ***1745,3*** | ***1835,5*** | ***105,2*** |
| Өсүмдүк майлары | тонна | ***28,8*** | ***26,1*** | ***90,6*** |
| Жаңы бышкан нан | тонна | ***2146,4*** | ***2066,5*** | ***96,3*** |
| Үй-эмеректери | миң сом | 17687,0 | 16646,6 | 94,1 |
| Сурьма металы кошулма | % | | | |
| Сымап | % | - | - | 241,7 |
| Топтолгон жана тазаланган суу | миң $м^3$ | 949,5 | 1060,4 | 111,7 |
| Тазартылган күрүч | тонна | ***278,9*** | ***272,0*** | ***97,5*** |
| Кондитер азыктары | тонна | ***135,9*** | ***126,9*** | ***93,4*** |
| Килемдер | даана | 52,0 | 47,0 | 90,4 |
| Иштетилген сүт азыктары | тонна | - | 14,1 | - |
| Балмуздак | тонна | ***2,4*** | ***2,3*** | ***95,8*** |
| Эркектердин тигилүү кийимдери | даана | 8016,0 | 5225,0 | 65,2 |
| Аялдардын тигилүү кийимдери | даана | 6320,0 | 5854,0 | 92,6 |
| Иштетилбеген мунайзат | миң тонна | 2,9 | 3,5 | 120,7 |
| Электр энергиясын бөлүштүрүү | миң сом | 105481,1 | 112275,5 | 106,4 |

Таблица 4. Аймак боюнча негизги продукцияларды өндүрүү
2020-жылдын январь-март

| | 2019 | 2020 | 2020 % менен 2019 | 2019 | 2020 | 2020 % менен 2019 | 2019 | 2020 | 2020 % менен 2019 |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | Таш көмүр, тонна | | | Бышырылган кирпич, миң даана | | | Эт жана эт азыктары, тонна | | |
| ***Облус боюнча:*** | ***115747,2*** | ***112943,8*** | ***97,6*** | ***360,0*** | ***-*** | ***-*** | ***134,2*** | ***202,1*** | ***150,6*** |
| райондор: | | | | | | | | | |
| Баткен | 1650,0 | 3274,6 | 198,5 | 360,0 | - | - | 16,0 | 15,8 | 98,8 |
| Кадамжай | 55661,2 | 45985,2 | 82,6 | - | | | 18,0 | 67,4 | 3,7 эсе |
| Лейлек | - | - | - | - | - | - | - | - | - |
| шаарлар: | | | | | | | | | |
| Баткен | - | - | - | - | - | - | 30,0 | 30,0 | 100,0 |
| Кызыл-Кыя | - | - | - | - | - | - | 70,2 | 88,9 | 126,6 |
| Сүлүктү | 58436,0 | 63684,0 | 109,0 | - | - | - | - | - | - |

| | Жаңы бышкан нан, тонна | | | Дан эгиндеринен тартылган ун, тонна | | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| ***Облус боюнча:*** | ***2146,4*** | ***2066,5*** | ***96,3*** | ***1745,3*** | ***1835,5*** | ***105,2*** |
| райондор: | | | | | | |
| Баткен | 53,5 | 52,5 | 98,1 | 1370,8 | 1369,2 | 99,9 |
| Кадамжай | 893,1 | 854,4 | 95,7 | 307,5 | 340,8 | 110,8 |
